| БЕКИТЕМИН | МАКУЛДАШЫЛДЫ | МАКУЛДАШЫЛДЫ |
|---|---|---|
| ОшМУнун ректору, | ОшМУнун студенттик коомчулук | ОшМУнун профсоюз |
| профессор К.Г. Кожобеков | менен иштөө боюнча проректору, | комитетинин төрагасы, |
|  | доцент Ж.Артыкова | доцент А.Э.Саттаров |
| “__” ________ 2023-ж. | “__” ________ 2023-ж. | “__” ________ 2023-ж. |

# ОшМУнун «Мыкты куратор-2023» сынагынын жобосу

**1. Жалпы жобо**

**1.1.** Сынак ОшМУнун студенттик тайпаларынын кураторлорунун арасында жүргүзүлөт;

**1.2.** Конкурстун максаты куратордук ишти уюштуруу жана жүргүзүүнү андан ары жакшыртууну жана тарбия берүүчүлөрдүн бул багытка кызыгуусун арттырууну көздөйт.

**2. Сынакты өткөрүүнүн тартиби**

**2.1.** Сынак эки этап менен өтөт:

- ✓ Факультеттин мыкты кураторун аныктоо. Факультеттерде жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон тайпалар арасында 12-майга чейин жүргүзүлөт.
- ✓ Факультеттердин мыкты кураторлорунун арасынан ОшМУнун «Мыкты кураторун» аныктоо.

**2.2.** Биринчи этапта куратордун тайпа менен биргеликте окуу жылы ичинде жүргүзгөн куратордук иштери бааланат:

- Куратордун студенттик тайпадагы жүргүзгөн тарбиялык иши «Куратор студенттин көзү менен» анкетасы аркылуу бааланат (анкета сунушталат);
- Студенттик тайпанын окуу жылындагы окуу ишмердүүлүгүнө, окуу жетишкендиктерине карап бааланат (баалоонун баракчасы сунушталат).

**2.3.** Экинчи этапта кураторлордун иштери төмөндөгү критерийлер менен бааланат:

- «Куратор студенттин көзү менен» анкетасынын жыйынтыгы жана студенттик тайпанын окуу жылындагы окуу ишмердүүлүгү;
- Декандын тарбия иштери боюнча орун басарынын куратордун ишине берген баасы (баалоонун баракчасы сунушталат);

**3. Финансылык каржылоо**

3.1. Сынакты финансылык каржылоо ОшМУнун ички бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт;

3.2. Бул сынактын жалпы сыйлык фонду – 45000 сом.

**4. Уюштуруу жана калыстар тобу**

4.1. «Жылдын куратору-2023» сынагы боюнча ОшМУнун биринчилигин уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыгын чыгаруу ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору, профсоюз комитети, факультеттеринин декандарынын жана колледждеринин директорлорунун тарбия иштери боюнча орун басарлары тарабынан жүрүгүзүлөт.

4.2. Калыстар тобунун курамына:

1-этапта: ОшМУнун факультеттердин деканатынан, колледждердин дирекциясынан, профсоюз уюмунан, кафедра башчыларынан, окутуучулардан, аялдар кеңешинен, факультеттин студенттик кеңешинен өкүлдөр кирет. Декандын буйрутмасы менен курамы аныкталат.

2-этапта: Университеттин администрация жетекчилеринен, профессордук-окутуучулар курамынан, профсоюз уюмунан, аялдар кеңешинен, студенттик кеңешинен. Калыстар тобунун курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

**5.**Сынакка катышуу үчүн кураторлор төмөндөгүдөй документтерди уюштуруу тобуна тапшыруулары зарыл:
1-этап:
- Конкурска катышууну каалагандыгын билдирген арыз;
- Куратордун студенттик тайпадагы жүргүзгөн тарбиялык иштери боюнча портфолиосу;

2-этап:
- Конкурска катышууну каалагандыгын билдирген арыз;
- Куратордун студенттик тайпадагы жүргүзгөн тарбиялык иштери боюнча портфолиосу;
- Декандын сунуштамасы;

**6. Сынактын жыйынтыгын чыгаруу**

5.1. Сынактын жыйынтыгын калыстар тобу окуу жылынын аягында чыгарат;
5.2. Сынактын жеңүүчүлөрү эң көп упай топтогонуна карата аныкталат.
5.3. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо:

**Факультеттин мыкты кураторлорун сыйлоо:**
**1-орун** Факультеттин ардак грамотасы, университеттик конкурска жолдомо;
**2-орун** Факультеттин ардак грамотасы;
**3-орун** Факультеттин ардак грамотасы.

**ОшМУнун мыкты кураторлорун сыйлоо:**
**1-орун** ОшМУнун ардак грамотасы, 20 000 (жыйырма миң) сом акчалай сыйлык;
**2-орун** ОшМУнун ардак грамотасы, 15 000 (он беш миң) сом акчалай сыйлык;
**3-орун** ОшМУнун ардак грамотасы, 10 000 (он миң сом) сом акчалай сыйлык.

**6. «Куратор студенттин көзү менен» (анкетирлоо).**

6.1. Анкетирлөө онлайн платформанын жардамында алынат. Анкетирлөөнү ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү студенттик кеңеши менен биргеликте жүргүзөт.
6.2. **«Куратор студенттин козү менен» анкетанын мазмуну**

**1. Куратор Сиздердин тайпа менен канчалык иш алып барат?**
а) жумасына бир нече жолу – 3
б) жумасына бир жолу – 2
в) сабак учурунда гана куратордук саатты кошо өтөт – 1
г) биздин тайпа менен иш алып барбайт - 0

**2. Куратор сабакка келбеген, жетишпеген студенттерди козомолдоп турат:**
а) жума сайын – 3
б) айына бир жолу – 2
в) көзөмөл кылбайт - 0

**3. Сиздердин тайпага куратор таалим-тарбия иштерин жүргүзобү?**
а) ар түрдүү темадагы тарбиялык сааттарды өтүп турат – 3

б) жүрүм-туруму начар студенттерге туура жол көрсөтөт – 2
в) таалим-тарбия иштерин кез-кез ыраатсыз жүргүзөт – 1
г) таалим-тарбия иштерин жүргүзбөйт - 0
4. **Мен кураторума жакшы мамиледе кайрылам:**
а) ооба, себеби ал жакшы окутуучу; жоопкерчиликтүү, чынчыл, боорукер – 3
б) азырынча кураторум жөнүндө пикир түзүлө элек – 0
в) тилекке каршы, жакшы мамиледемин деп айта албайм – 0
**5. Кураторумун иши мени канааттандырат:**
а) ооба, толук канааттандырат – 3
б) негизинен канааттандырат, бирок биздин тайпага дагы көбүрөөк көңүл бөлсө болот эле – 2
в) анчалык канааттандырбайт – 1
г) жок, канааттандырбайт – 0
**Төмөндөгү ар бир суроонун:**
**ооба жообуна – 1 упай, жок жообуна – 0 упай берилет.**
1. Куратор сессия учурунда бизге жардамдашат:
   а) ооба; б) жок.
2. Куратор турмуштук көйгөйлөрүмдү чечүүгө жардамдашат (жатаканага жайгашуу ж.б.):
   а) ооба; б) жок.
3. Куратор биз менен сырдашып, дайыма ар түрдүү маселелерде кеңешин берип турат:
   а) ооба; б) жок.
4. Куратор контролдук, лабораториялык, курстук иштерди кантип жазууну үйрөтөт:
   а) ооба; б) жок.
5. Куратор мени студенттик маданий-массалык иш чараларга тартып турат:
   а) ооба; б) жок.
6. Куратор университеттин уставы ж.б. мыйзамдык жоболор, буйруктар менен тааныштырат:
   а) ооба; б) жок.
7. Куратор дүйнөдөгү, өлкөдөгү жаңылыктарды тайпа ичинде талкуулоону уюштуруп турат:
   а) ооба; б) жок.
8. Куратор жатаканадан жана студенттер жашаган жайлардан кабар алып турат:
   а) ооба; б) жок.
9. Куратор биздин тайпа менен жоопкерчиликтүү жана кызыгуу менен иштейт:
   а) ооба; б) жок.
10. Куратор биздин ата-энелерибиз менен тыгыз байланышта иш алып барат:
   а) ооба; б) жок.
11. Кураторубуз менен театрга, музейге барып турабыз:
   а) ооба; б) жок.

**7. Студенттик тайпанын окуу жылындагы ишмердүүлүгүн, жетишкендиктерин баалоо**

7.1. Калыстар тобу төмөндөгү баалоо каражаты аркылуу катышуучуларды баалайт.

| **Көрсөткүчтөр** | | **Упайынын саны** |
|---|---|---|
| Тайпанын сессиялардагы жетишүүсү | Сессияларды «Эң жакшы», «жакшы» бааларына тапшырган студенттер | 3 % - 1 |
| | Сессияларды «орто» бааларына тапшырган студенттер | Упай коюлбайт |
| Тайпадагы студенттердин сабактарга катышуусу | 90 %дан ашык катышууга | 15 |
| | 80-90 % га чейинки катышууга | 5 |
| | 60 %дан төмөн катышууга | Упай коюлбайт |
| Куратордук портфолио | Куратордук портфолиодогу документтердин толуктугу, маалыматтардын толтурулушу | 1-30 |
| Тайпадагы студенттердин портфолиосу | Портфолионун толуктугу, мазмуну, дипломдор, сертификаттардын камтылышы | 1-30 |
| Куратордук сааттар | Куратордук саттардын иштелмелери, протоколдору, өтүлгөндүгүн далилдөөчү материалдар (ар бир сабак үчүн көрсөтүлгөн упай берилет) | 2 |
| Куратордук тайпа менен демилгеленип уюштурулган иш чаралар | Куратордук тайпа менен демилгеленип уюштурулган иш чаралардын программасы, соцтармактардагы шилтемелери (ар бир иш чара үчүн көрсөтүлгөн упай берилет) | 5 |
| Студенттер менен, ата-энелер менен өткөрүлгөн жыйналыштар | Студенттер менен, ата-энелер менен өткөрүлгөн жыйналыштардын протоколдору, өтүлгөндүгүн далилдөөчү материалдар (ар бир жыйналыш үчүн көрсөтүлгөн упай берилет) | 3 |
| Тайпадагы айрым студенттердин олимпиадаларга, конференцияларга, форумдарга катышуусу | Эл аралык | |
| | 1-орун | 10 |
| | 2-орун | 8 |
| | 3-орун | 7 |
| | Кыргыз Республикасынын чегинде | |
| | 1-орун | 7 |
| | 2-орун | 5 |
| | 3-орун | 4 |
| | Областтык, шаардык, университеттик | |
| | 1-орун | 5 |
| | 2-орун | 3 |
| | 3-орун | 2 |
| Илимий макалалары жарыкка чыккан студенттер (ар бир студент үчүн көрсөтүлгөн упай берилет) | Эл аралык басылмалар | 3 |
| | Кыргыз Республикасынын чегинде | 2 |
| | Областтык, шаардык, университеттик | 1 |
| Өзгөчө стипендия алган студенттер (ар бир студент үчүн көрсөтүлгөн | Кыргыз Республикасынын Президенттик стипендиясы, ОшМУнун “Атуулдук стипендиясы” үчүн | 7 |
| | Губернатордун, мэрдин ж.б. стипендиясы үчүн | 5 |

| | | |
|---|---|---|
| упай берилет) | ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин стипендиясы үчүн | 3 |
| Университеттин, факультеттин коомдук маданий-массалык иш чараларына катышуусу<br><br>(ар бир иш чара үчүн көрсөтүлгөн упай берилет) | Тайпа менен чогуу театрга, музейге, көргөзмөлөргө баруу (театралдык карталарын же билеттерин көрсөтүшөт) | 2 |
| | Тайпанын ыктыярчылык иштери (сүрөттөр, соцтармактардын ссылкалары, гезит-журналдардагы маалыматтар) | 5 |
| | Тайпанын маданий-массалык иш чараларга катышуусу (далилдөөчү база: сүрөттөр, дипломдор, сертификаттар, соцтармактардагы шилтемелер) | 1 |
| | Ишембиликтерге, шаарды, ниверситетти жашылдандырууга катышуусу | 2 |
| Шаардын, университеттин, факультеттин коомдук маданий-массалык иш чараларынын жеңүүчүлөрү (ар бир студент үчүн көрсөтүлгөн упай берилет) | Маданий-эстетикалык, конкурстардын жеңүүчүлөрүнө | 1-3 |
| | Спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө | 1-3 |
| | Интеллектуалдык таймаштар «Брейн-ринг», дебат, дискуссиялардын жеңүүчүлөрүнө | 1-3 |
| | Жаштар комитетинин төрагасы, студенттик акыйкатчы, студкеңеш жана сектор башчылары эгер ошол студенттик тайпада окуса | 1-3 |

8. **Декандын тарбия иштери боюнча орун басарынын куратордун ишин төмонкү баалоо каражатынын негизинде баалайт**

| № | Баалоонун критерийлери | Упайы |
|---|---|---|
| 1. | Куратордук сааттардын аткарылышы<br>(үзгүлтүксүз өтүлүшү жана сапаты) | 5 |
| 2. | Студенттер менен жекече (индивидуалдуу) иштөөсү | 3 |
| 3. | Маданий-массалык, спорттук, эмгектик (ишембилик) иш чараларга тайпанын катышуусу | 4 |
| 4. | Тайпанын студенттеринин сабактарга катышуу жана жетишүүсүн көзөмөлдөө иш-аракети | 5 |
| 5. | Куратордун тарбия ишине кызыгуу деңгээли | 5 |
| 6. | Куратордун тарбиялык иш-планы, анын аткарылышы, отчету | 5 |
| 7. | Мыйзам, тартип бузуп катталган студенттер (факультетте, университетте, шаарда) | 3 |
| 8. | Тайпанын жаман жактары менен көрүнгөн учурлары (сабактан качып кетүү, деканаттардын тапшырмаларын аткарбоо ж.б.) | 2 |

ОшМУнун тарбиячысы Бектурсун Орозали уулу

2023.17.04